## БАЛАНЫН ӨНҮГҮҮСҮНӨ ТААСИР ТИЙГИЗЕ ТУРГАН ФАКТОРЛОРДУ КАТТОО

(негизинен, мээси жабыркаган болушу мүмкүн деп шектелген же өнүгүүсүндө артта калган балдарды текшерүү үчүн)

**№4 КАТТОО БАРАГЫ**

### Бала тууралуу кошумча маалыматтар

Бала энесинин боюнда 9 толук айга жетпей эле төрөлдүбү? ________ канча айда? ____________________
Төрөлгөндө баланын бою жана салмагы нормадан төмөн беле? ________ Төрөлгөндөгү салмагы? ____________
Төрөлүүсү нормалдуу өттүбү? __________ узакка созулдубу же кыйынчылык мененби? ____________________
Түшүндүрүңүз: ________________________________________________
Төрөлгөндө, баланын кебете-турпаты нормалдуу беле? ____________ Эгер андай болбосо, көйгөйлөрүн сүрөттөңүз:
дароо дем ала баштаган эмес? _______ өтө эле жүүнү бош болгон? ______ башка? ____________________
Кош бойлуу кезинде энесинде көйгөйлөр болдубу? ______ Кызамык ____________________ айында.
Башка? _______________ Кош бойлуу кезинде энеси дары-дармек кабыл алганбы: _____ Кайсы? ____________
Бала төрөлгөндө энесинин жашы ____________ атасынын жашы ____________ .

### Физикалдык текшерүү

Баланын мээси жабыркаганынын белгилери байкалабы? (№3 жана №4 КАТТОО БАРАКТАРЫН колдонуңуз.)
Кайсы? ________________________________________________
Балада Даун синдромунун белгилери байкалабы? ________________________________
Кандай белгилер? (көздөрү жазы жайгашып, чалыр _____ , алакан менен манжаларынын терисинде бүгүштөр бар __ ____, башка ____________________ . 279-бетти караңыз.)
Акыл-эсинин өнүгүүсү артта калганына байланышы болушу мүмкүн башка физикалык белгилер ______________
________________________________________________
Баланын башы нормадан кичирээк _______ же чоңураак ________ болуп сезилип көрүнөт?
Башынын чоңдугу (айланасынын узундугу)? _________ см. Нормадан айырмасы _________ см.
Анын курагы үчүн орточо көрсөткүч (картадан) __________ см. Орточо көрсөткүчтөн айырмасы __________ см.

### Баланын башынын чоңдугун каттоо

Графикте баланын жашын көрсөткөн солдон оңго кеткен чийин анын башынын чоңдугун көрсөткөн төмөндөн жогору кеткен чийин менен кесилишкен жерге чекит коюңуз.




(Баштын эң жазы бөлүгүн ченеңиз.)

Эгер койгон чекитиңиз графиктеги каралжын болгон аймактан **төмөнүрөөк** болсо, анда башы нормадан кичирээк. Балада **микроцефалия** болушу мүмкүн (мээсинин көлөмү кичине, 278-бетти караңыз.)



Эгер койгон чекитиңиз графиктеги каралжын аймактан жогоруураак болсо, анда башы нормадан чоңураак. Балада **гидроцефалия** болушу мүмкүн (169-бетти караңыз.)







**Эскертме.** Эркек балдардын баштары кыздардын баштарынан орточо эсеп менен ½ ден 1 см-ге чейин чоңураак болот. Мындан тышкары, түрдүү расаларда баштын чоңдугу бир аз башкача болушу мүмкүн. Мүмкүн болсо, жергиликтүү графиктерди колдонуңуз.

**Ушул графикти такай колдонуңуз.** Ар ай сайын графикке жаңы чекит кошуңуз.*Эгер нормадан болгон айырма улам көбөйө турган болсо, бул олуттуу патология бар экендиги тууралуу кабар бериши мүмкүн. Мисалы,


Мээ жай чоңоюп жатат. Микроцефалия ыктымалдуу.




Мээ жакшы чоңоюп жатат. Патология анчалык деле олуттуу эмес болушу мүмкүн.



Баш тез чоңоюп, өтө эле чоң болуп кеткен. Гидроцефалия же шишик бар болушу мүмкүн. Жагдай оор-лоп баратат.



Баш чоң. Бул бала үчүн бул норма экени ыктымалдуу.



*Бул графикти ар ай сайын толтуруу жүлүн чуркусуна же гидроцефалияга шектелген (169-бетти караңыз) балдар үчүн айрыкча маанилүү. Эгер бул графикти кандайча колдонууну билбесеңиз, анда мугалимден кеңеш сураңыз.